## №35 жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч классынын усулдук бирикмесинин кеңешмесинин отуруму

### 1- протоколу

6-сентябрь 2021-жыл

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1) Башталгыч класстарынын мугалимдеринин 2020-2021-окуу жылындагы аткарган иштери тууралуу жыйынтык чыгаруу жана быйылкы 2021-2022-окуу жылындагы аткара турган иш-чаралар тууралуу пикир алмашуу.

2) 2021-2022-окуу жылындагы мугалимдердин календарлык-тематикалык пландарын бекитүү.

3) Башталгыч класстарды окутууда окуу китептери жөнүндө талкуулоо.

4) Мектеп иш кагаздарынын жүргүзүлүшү,класстардын мөөнөттөргө бөлүнүшү,класстарга окуу кабинеттеринин бекитилип берилиши.

5) Быйылкы окуу жылында « 480 сааттык балдарды мектепке даярдоо » программасын ишке ашыруу максатында даярдыктарды көрүү.

6) Башталгыч класстарынын ноябрь айындагы ачык сабактарынын декадасын өткөрүү

**Катышкандар:**

1.Борисова М.А
2.Саматова Б.О
3.Кадырова М.О
4.Акунова Ж.А

**Жүрүшү:**

**Биринчи маселе** боюнча УБнын жетекчиси Кадырова М.О сөз сүйлөдү.Башталгыч класстарынын мугалимдеринин 2021-2022-окуу жылына карата сабактарга түзүлгөн календарлык-тематикалык пландарын текшерүү.Календарлык – тематикалык пландарга карата ой-пикирлер айтылды.

**Экинчи маселеде** боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Айдакеева Г.М быйылкы окуу жылындагы мектеп документтерин толтуруудагы өзгөчөлүктөр,жаңылоолор тууралуу тааныштырды жана мугалимдерге түшүндүрүү иштерин жүргүздү.О.э окуучулардын сабакка катышуусу,мектептин ашканасындагы тамак ичүү,санитардык эрежелерин сактоолору жөнүндө сөз болду.

**Үчүнчү маселеде** УБ нын жетекчиси Кадырова М.О башталгыч класстарынын мугалимдеринин быйылкы окуу жылында саат менен камсыз

болушу,класстардын,нөөмөт боюнча жана окуу кабинеттерин бекитилиши жана ал кабинеттерге кайсы мугалим жооптуу экендиги тууралуу экендиги тууралуу тааныштырып кетти.

### Сааттардын бөлүнүшү

| № | Сабактар | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Математика | 4 | 5 | 5 | 6 |
| 2 | Кыргыз тили | 3 | 3 | 3 | 3 |
| 3 | Орус тили | 3 | 4 | 4 | 4 |
| 4 | Адабий окуу | 3 | 3 | 3 | 3 |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| [illegible] | [illegible] | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 7 | Көркөм окуу | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 8 | Музыка | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 9 | Т.Т.К.Н | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 10 | Дене тарбиясы | 2 | 2 | 2 | 2 |
| 11 | Англис тили | | | 2 | 2 |

**1-поомот**

| № | Класстар | Кабинеттер | Жоопттуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 2- « А » класс | 3-кабинет | Акунова Ж.А |
| 2 | 1- « А » класс | 10-кабинет | Борисова М.А |
| 3 | 2- « Б » класс | 9-кабинет | Саматова Б.О |
| 4 | 3- « А » класс | 7-кабинет | Борисова М.А |

**2-поомот**

| № | Класстар | Кабинеттер | Жоопттуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 3-« Б » класс | 9-кабинет | Саматова Б.О |
| 2 | 4-« Б » класс | 7-кабинет | Кадырова М.О |
| 3 | 4-« А » класс | 10-кабинет | Борисова М.А |
| 4 | 2-« А » класс | 3-кабинет | Акунова Ж.А |

**Үчүнчү маселе** УБ жетекчиси Кадырова М.О балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо программасынын иш тартиби,жылдык программанын окуу пландары менен мугалимдерди тааныштырды.

**Төртүнчү маселеде** мугалимдер ноябрь айындагы ачык сабактарын декадасына даярдыктардын көрүлөөрүн,өтүлө турган сабактардын темасын, күнүн,оордун тактап айтуулары керек экендигин эскертти.Өтүлүүчү сабактардын мөөнөтү көрсөтүлүп илинген графикти карап,ошол сабактарга катышып,өтүлгөн сабакка туура,так анализ берүү керектигин айтты.

**Чечим кабыл алынды:**

- 1.Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу түзүлгөн иш планын бекитүүгө сунушталсын.
- 2.Башталгыч класстардын мугалимдеринин 2021-2022-окуу жылына түзүлгөн сабактардын календардык- тематикалык пландарын бекитүүгө сунушталсын
- 3.Башталгыч класстардын кабинеттерине бекитилип берилген мугалимдер жоопттуу болсун.
- 4.Сабактын планын түзүү боюнча талаптар жана класстык журналдарды толтуруу боюнча көрсөтмөлөр эске алынсын
- 5.480 саат « Балдарды мектепке даярдоо» классын ачуу, ага ылайыкталган шарттар түзүлсүн.
- 6.Башталгыч класстардын ноябрь айындагы өткөрүлүүчү ачык сабактарынын декадасына даярдыктар көрүлсүн.

УБнын жетекчиси : Кадырова М.О

Сканировано с CamScanner

**№35 жалпы орто билим берүү орто мектебинин башталгыч классынын усулдук бирикмесинин кеңешмесинин отуруму**

2-протокол

**10-сентябрь 2021-жыл**

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1) Балдарды мектепке даярдоо « Наристе » программасын ишке ашыруу
2) Балдарды мектепке даярдоо « Наристе » программасы боюнча окуу пландары менен таанышуу
3) 6 жаштагы бала бакчага барбаган балдарды мектепке тартуу
4) Ата- энелер чогулушун өткөрүп,480 сааттык программа боюнча маалымат берүү

**Катышкандар:**

1.Борисова М.А
2.Саматова Б.О
3.Кадырова М.О
4.Акунова Ж.А

**Жүрүшү:**

Угулду:

1.ОТИ боюнча директордун орун басары Айдакеева Г.М « Балдарды мектепке даярдоо программасын» ишке ашыруу боюнча мектептин директорунун буйругун окуду.

Бишкек шаарындагы Свердлов районунун №35 жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022 - окуу жылы үчүн окуу планы 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин буйругунун негизинде Бишкек шаарындагы Свердлов районунун №35 орто мектебинде быйылкы 2021-2022-окуу жылында балдарды мектепке даярдоо тобу ачылып,окуу жүргүзүлөт.Балдарды мектепке даярдоо тобун башталгыч классынын мугалими Кадырова Мимоза Осоновна жетектейт.

2.УБнын жетекчиси Кадырова М О балдарды 6 жаштан мектепке даярдоо программасынын окуу пландары менен мугалимдерди тааныштырды.

3.ОТИ боюнча директордун орун басары Айдакеева Г.М биздин мектепке караштуу микроучасток боюнча жашы 6 га толгон жана балдар бакчасына барбаган балдарды ар бир микроучастокко жооптуу мугалимдерге ошол балдарды мектепке тартуу жана тизмесин тактоону милдеттендирди

Сканировано с CamScanner

4.ОТИ боюнча директордун орун басары Айдакеева Г.М 480 саат боюнча топту жетектөөгө жооптуу Кадырова Мимоза Осоновна ата-энелер чогулушун өткөрүп,программа боюнча ата-энелерге толук маалыматтарды берүүсүн айтты.

**Чечим кабыл алынды:**

1.Балдарды мектепке даярдоо программасы боюнча окуу пландарын бекитүүгө сунушталсын.

2.Жашы 6 га толгон жана балдар бакчасына барбаган балдарды ар бир микроучастокко жооптуу мугалимдер ошол балдарды мектепке тартуу жана чакыруу иштерин алып барсын.

3.Окуу кабинети талапка ылайык уюштурулуп,топту жетектөөгө Кадырова Мимоза Осоновна жооптуу болсун.

4.Ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, 480 сааттык программа боюнча толук маалымат берилсин.

УБнын жетекчиси : Кадырова М.О

Сканировано с CamScanner

**№35 жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч классынын усулдук бирикмесинин отуруму**

**3-протоколу** **2021-жыл**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.Башталгыч класстардын мугалимдеринин 1-чейрек ичинде жасаган иштери боюнча анализ жүргүзүү

Билим берүүдөгү методикалык документтердин жана жазуу,оозеки иштердин нормага ылайык аткарылышынын жөнгө салынышы

2.Башталгыч класстардын декада учурунда өткөрүлгөн ачык сабактарга анализ берүү

3.Башталгыч класстарынын мугалимдерине бекитилип берилген кабинеттеринин талапка ылайык жасалгалоосу методикалык көрсөтмө куралдарынын топтому,дидактикалык материалдарынын колдонулушу

4. 1-чейректин жыйынтыгын чыгаруу

Катышкандар:

1. Борисова М.А.
2. Саматова Б.О.
3. Кадырова М.О.
4. Акунова Ж.А.

**Жүрүшү :**

**<u>Биринчи маселе</u>** боюнча УБнын жетекчиси Кадырова М.О. 1-чейрек ичинде башталгыч класстар арасында жасалган иш-чаралар боюнча сөз сүйлөдү.

Класстык журналдардын, окуучулардын өздүк делолорунун, жумушчу Дептерлеринин колдонулушун мектеп талабына ылайык бирдей толтурулушунун жол – жоболорун түшүндүрдү.

3-4-класстардын өздүк дептерлери текшерилип жатты.

**<u>Экинчи маселеде</u>** башталгыч класстардын декада учурунда ачык сабактарды өтүүдө мугалимдер өздөрүнүн иш алып барып жаткан методикалык темаларын эске алуу менен сабактагы көрсөтмөлүүлүктү,сабакка койгон максаттарын туура пландаштыруу аркылуу сабактын максатына жетүүсүн көрө алдык.

**<u>Үчүнчү маселеде</u>** башталгыч класстарынын мугалимдерине бекитилип берилген кабинеттердин талапка ылайык жасалгалоосу ,методикалык көрсөтмө куралдарынын топтому,декадалык материалдарынын колдонулушун башталгыч класстарынын декада учурунда усулдук бирикменин жетекчиси жана администрация тарабынан текшерүү жүргүзүлгөн учурда талапка ылайык жооп бererлик деп көрсөтүлдү.

Сканировано с CamScanner

**Төртүнчү маселеде** 1-чейректи жыйынтыктоодо ар бир класстын мугалимдери 1-4-класстардын жетишүү жана билим сапатынын табель жана мониторингдерин тапшырышты.Окуу техникасынын көрсөткүчтөрү берилди.УБнын жетекчиси Кадырова М.О 2-чейрек ичиндеги жасала турган иш чаралар менен тааныштырды.Ал ноябрь айынын ичинде 2-4-класстарынын окуучуларынын арасында жылыга өткөрүлүп келе жаткан адабий окуу сабагынан « Жаш окурман » кароо сынагына окуучуларды даярдоо жана декабрь айынын аягында өтүүчү окуучулардын жаңы жыл майрамына даярдыктар көрүлө турганын айтты.

**Чечим кабыл алынды:**

1.1-4-класстар арасында адабий окуу сабагынан «Жаш окурман » конкурсун өткөрүүгө мугалимдер окуучуларды камсыз кылышсын.

2. Башталгыч класстардын окуучуларынын жаңы жылдык майрамын уюштурууда класс жетекчи мугалимдер көмөктөшсүн

3.2-чейрек ичинде жасала турган иш-чаралар боюнча маалыматтар эске алынсын.

УБ нын жетекчиси : Кадырова М.О

Сканировано с CamScanner